**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Жобо ЖАМУнун**
**Окумуштуулар кеңешинде**
**каралып, бекитүүгө сунушталган.**
**Протокол №__1____**
**“01” ___09___ 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, профессор**
**__________ К.Үсенов**
**“____” __________ 2025-ж.**

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕККЕТТИК УНИВЕРСТИТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРИН, МАГИСТРАНТТАРЫН КОТОРУУНУН, ОКУУДАН ЧЫГАРУУНУН ЖАНА ОКУУГА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНУНДӨ ЖОБО

**Жалал-Абад - 2025**

**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБОго төмөндөгү өзгөртүүлөр жана кошумчалар киргизилген:**

*1. ЖАМУнун. Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 1-апрелиндеги № 6-протоколу менен ө з г ө р т ү ү киргизилди.*

*2. ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2020-жылдын 6-ноябрындагы № 2-протоколунун негизинде ЖОБО 31-пункт менен толукталды.*

*3. ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы №2-протоколу менен ө з г ө р т ү ү киргизилди.*

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттерин, магистранттарын которуунун,окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттерин, магистранттарын которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтируунун тартиби жөнүндөгү жобого (мындан ары Жобо) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 24- сентябрындагы №590, 2025 - жылдын10-июлдагы № 329 токтомдорунун жана ЖАМУнун Уставынын негизинде өзгөртүүлөр киргизилди.
2. Бул Жобо ЖАМУнун студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн (тикеленүү) процедураларына жалпы талаптарды белгилейт.

## 2. Студенттерди ЖАМУдан башка ЖОЖго которуунун же башка ЖОЖдон ЖАМУга кабыл алуунун тартиби

**3.** ЖАМУнун студенттерин, магистранттарын которуу жайкы же кышкы каникул маалында студент өзү тандаган адистик/багыт боюнча тийиштуу курста ваканттык орундар болсо окутууга кеткен чыгымдарды толугу менен компенсациялоонун келишимдик негизинде ишке ашат.

**4.** Студент которулуп жаткан курска жана окутуунун формасына, негизги билим берүү программасынын түрүнө байланыштуу чектөөлөрдү койбойт.

**5.** Студенттин мамлекеттик бюджеттин эсебинен билим алуусунун жалпы узактыгы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн кабыл алуучу ЖАМУнун окуу планында белгиленген мөөнөтүнөн ашпоосу керек.

**6.** Аккредитацияланбаган (аттестацияланбаган) жогорку окуу жайларда билим алган жарандарды аккредитацияланган ЖОЖго окутуунун каалаган формасына которуу экстернат формасындагы аттестациялоо укукгары ишке ашканда жүргүзүлөт, экстернат формасында окутуу жол берилбеген жогорку кесиптик билим берүүнун адистиктери/багыгтары буга кирбейт.

**7.** Билим берүү уюму кайрадан түзүлүп же, жоюлган учурунда студенттерди которуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен бирдикте, карамагына ЖОЖ кирген уюштуруучу тарабынан камсыздалат.

**8.** Студенттерди, магистранттарды биринчи окуу жылында которууга биринчи семестр ийгиликтүү аяктагандан кийин жол берилет. Мында өздөштүрүлгөн академиялык кредиттин минималдуу саны 30дан кем болбошу керек. Акыркы окуу жылында студентгерди, магистранттарды которууга жол берилбейт.

**9.** Акы төлөө негизинде окуп жаткан студенттерди мамлекеттик бюджеттин (гранттар боюнча) эсебиндеги орундарга которуу жүргүзулбөйт.

**10.** Болок ЖОЖдон ЖАМУга билим алуусун улантуу үчүн которулуу, анын ичинде бул которулууда окутуунун бардык формасы боюнча бир адистиктин/багыттын негизги билим берүү программасынан башкасына өтүү, ошондой эле аларды алмаштыруу менен коштолсо, студентти которуу анын жеке арызы боюнча ишке ашат (1-тиркеме).

Арыз студентти аттестацияга киргизүү жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн ректорго (проректорго) жиберилет. Арызга зачеттук китепченин (декан же окуу бөлүмү тарабынан тастыкталган) көчүрмөсү (соңунда академиялык маалымат менен текшерилет) тиркелет. Кредиттерди Которуунун жана Топтоонун Европа Системасын (ЕСТ8) колдонгон ЖОЖ үчүн транскрипт (баалоо баракчасы) тиркелет.

**11.** Студентти которуу аттестациянын негизинде ишке ашат. Студентти аттестациялоо аттестациялык комиссия тарабынан зачеттук китепчесинин көчүрмөсүн (транскрипт), баалоо баракчасын карап чыгуу менен жүргүзүлөт. Аттестациялык комиссия окуу иштери боюнча проректор (комиссиянын терагасы), факультеттин деканы (бүтүрүүчү кафедранын башчысы) билим берүү программасынын жетекчиси жана окуу бөлүмүн, студенттик кадрлар бөлүмүн кызматкерлери же офис каттоочусунун (комиссиянын катчысы) курамында түзүлөт.

Аттестациялык комиссия студенттин арызын арыз берген күндөн тартып 10 күн аралыгында, бирок окуу башталганга чейин карап чыгуусу керек. Эффективдүү иштерди уюштуруу үчүн аттестациялык комиссиялар тектеш адистиктер жана багыттар боюнча түзүлүшү керек.

**12.** Айрым дисциплиналар студентке кайрадан зачеттолбосо же окуу пландарында окутулбаган дисциплиналардан айырма болуп калган учурда, аттестациянын жыйынтыгы менен студент аларды тапшырышы, башкача айтканда, академиялык айырманы жоюшу керек. Бул үчүн кабыл алуучу (ЖАМУ) студенттин жекече окуу планын иштеп чыгып, бекитиши керек. Анда окутууга тийиштуу дисциплиналардын тизмеси (же алардын болумдору), алардын колому жана сынак же отумдорду тапшыруунун белгиленген мооноту берилет. Академиялык айырма ошол академиялык жылдын ичинде жоюлушу керек.

**13.** Жалал-Абад мамлекеттик университетинде окутуу кредиттик технологиясынын негизинде жүргүзүлгөн учурда академиялык айырма транскрипт же баалоо баракчаларынын негизинде окутулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен алынган кредиттерге ылайык белгиленет. Академиялык айырма кредиттерде (зачеттук бирдигинде) аныкталат (студенгтин жекече окуу планына кошумча киргизилет).

**14.** Которууда жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык, анын ичинде милдеттүү базалык дисциплиналар студент тарабынан окутулган көлөмдө кайрадан өтүмдөр алынат. Студентти мурда билим алган ошол эле негизги билим берүү программасына, же тектеш негизги билим берүү программасына башка ЖОЖго которууда, аны менен катар

ЖОЖ тарабынан бекитилген (мамлекеттик компонент) математикалык, жалпы табигый илимдер дисциплиналарынан жана бардык дисциплиналардын студенттин тандоосу менен кайрадан өтүм алынат.

Студентти мурда билим алган ошол эле негизги билим берүү программасына, же тектеш негизги билим берүү программасына которууда академиялык айырманы тапшырууга төмөндөгүлөр кирет:

- математикалык жана жалпы табигый илимдер, жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентине тиешелүү бөлүмдөгү адистиктердин/багыттардын окуу пландарындагы айырма чегинен ашса, анын алкагында ЖАМУ дисциплиналардын көлөмүн өзгөртүүгө (10-20%) укуктуу;

- жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентине тиешелүү бөлүмдөгү адистиктердин/багыттардын окуу пландарындагы айырма.

Студентти тектеш эмес негизги билим берүү программасына которууда тапшырууга тийиштүү (академиялык айырманы жоюу) дисциплиналардын тизмеси, окутуунун кредиттик технологиясын колдонбогон (учурда) (ЖОЖдор үчүн) 7 дисциплинадан ашпоого тийиш. Окутуунун кредиттик технологиясын колдонгон учурда (ЖОЖдор учун) тапшырууга тийиштуу (академиялык айырманы жоюу) дисциплиналардын тизмеси зачеттолгон кредиттердин (зачетгук бирдиктердин) негизинде аныкталат, мында кабыл алуучу ЖОЖ билим берүү программасынын мазмунуна жараша (багыптын/адистиктин маалымат пакети) валидирлейт/эсепке алат.

**15.** Аттестациянын жыйынтыгы боюнча атгестациялык комиссия жыйындын протоколун даярдайт (2-тиркеме).

**16.** Которуу жөнүндө (студенттин бекитилген жекече окуу планы бар болгондо) маселе оң жагына чечилсе, ЖАМУ студентке белгиленген үлгүдөгү маалымкат берет (3-тиркеме). Берилген маалымкатты студент окуп жаткан жогорку окуу жайга көрсөтөт жана которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгаруу жана которулгандыгына байланыштуу академиялык маалымат, өздүк делосунан ЖАМУга кабыл алынууга негиз болгон билими тууралуу документти берүүсү тууралуу арызы менен кайрылат. Көрсөтүлгөн маалымкаттын жана арызынын негизинде ЖАМУнун ректору арыз берген күндөн тартып 10 күн аралыгында аны окуудан чыгаруу тууурасында төмөндөгүдөй формулировкадагы буйругун чыгарат: "... ЖОЖго (башка окуу жайга) которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгарылды". Студенттин өздүк делосунан анын колуна ЖАМУга кабыл алынууга негиз болгон билими тууралуу документи (мындан ары - билими тууралуу документ), ошондой эле белгиленген үлгүдөгү академиялык маалыматы берилет. Өздүк делодо ырастаган билими тууралуу документинин көчүрмөсү жана которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгарылгандыгы тууурасында буйруктун көчүрмөсү, ошондой эле студент тапшырган студенттик белет жана сынак китепчеси калат.

**17.** Студентти университетке которулгандыгына байланыштуу кабыл алуу жөнүндө буйрук ректор тарабынан билими тууралуу документ жана

академиялык маалымат алынгандан кийин (тиешелүү бөлүмдүн кызматкери сынак китепчесин сынак китепчесинин/транскриптин/ баалоо баракчасынын көчүрмөсүн академиялык маалыматка туура келгендигин текшерет), чыгарылат. Алар арыз ээсинин өздүк делосуна тиркелет. Документтерди кабыл алганга чейин, студенттин документтеринин түп нускасы, студент келген окуу жайга (архивге) атайын тактоо үчүн уруксат берилип, студентке "угуучу" деген статус берилет. Студенттин документтеринин түп нускасы, студент келген окуу жайга (же архивге) атайын тактоо үчүн жонотулгон катка оң жооп келгенден кийин кабыл алуу жөнүндөгу буйрук чыгат. Буйрукта "Которуу

тартибинде... ЖОЖдон, ЖАМУнун... адистигине(багытына), ...курска, ....окутуунун формасына кабыл алынды" деп көрсөтүлөт.

Эгер аттестациянын жыйынтыгы боюнча академиялык айырманы жоюунун зарылдыгы келип чыкса, которуу женундо буйрукта студенттин жекече окуу планын бекитүү боюнча жазуу болууга тийиш.

**18.** ЖАМУда студенттин жаңы өздүк делосу жасалып, каттоого алынат, ага которулуу туурасында арызы, академиялык маалымат, билими тууралуу документ жана которуу тартибинде кабыл алуу жөнүндө буйрукгун көчүрмөсү, ошондой эле окутуу үчүн чыгашаларды толук компенсанциялоо жөнүндө келишим киргизилет. Которулган студентке студенттик билет, сынак китепчеси тапшырылат.

Академиялык маалыматтан кайра зачет алынган дисциплиналар (дисциплиналардын бөлүмдөрү), практикалар, курстук долбоорлор (иштер), ошондой эле академиялык айырмаларды жоюу тууралуу жазуулар белгиленген тартипте студентердин сынак китепчелерине/транскриптерге жана башка катгоо документтерге бааларды (экзамен/өтүмдөрдү) коюу менен киргизилет.

## 3. ЖАМУнун ичинде студенттерди которуунун тартиптери

**19.** ЖАМУнун ичинде студенттин бир негизги билим берүү программасынан башка (анын ичинде окутуу формасын алмаштыруу) программага өтүүсү, семестрдин аякталышы менен студентти кызыктырган адистиктин тиешелүү курсунда вакантгык орун болгон учурда бул тартипке ылайык (16 жана 17-пункттарын кошпогондо) студенттин жеке арызы жана сынак китепчесин/транскрипти көрсөтүүнүн негизинде ишке ашат.

Орто кесиптик билими тууралуу диплому менен экинчи же андан жогорку курстарга кабыл алынган студенттерге башка багыттарга/адистиктерге которулууга болбойт. Студенттин бир негизги билим берүү программасынан башка программага өтүүсүндө ЖАМУнун ректору төмөндөгү формулировка менен буйрук чыгарат: "... адистиги (багыты) боюнча ....курстан ....адистиги (багыты).... боюнча курска которулду".

Өттү боюнча буйрукта тиешелүү окуу материалын тапшыруу (академиялык айырманы жоюу) боюнча студенттин жекече планынбекитүү жөнүндө жазуу камтылышы мүмкүн.

Буйрукгун көчүрмөсү студенттин өздүк делосуна киргизилет.

**20.** Студенттин студенттик билеги жана сынак китепчеси/транскрипти сакталып, ага ректордун (проректордун) колу жана ЖАМУнун мөөрү менен тастыкталган тиешелүү оңдоолорду киргизүү менен, окуу пландарындагы айырманы тапшыргандыгы жазылат. ЖАМУ тарабынан студенттин жаңы жекече карточкасы жасалат.

**21.** Эгер студент уюм менен келишимде окутулуп жаткан болсо, анын которулушуна уюмдун алдын-ала макулдугу керек.

## 4. Студенттерди, магистранттарды окуудан чыгаруу

**22.** Студент, магистрант ЖАМУдан өз демилгеси боюнча жеке арызынын негизинде ректордун буйругу менен чыгарылат (4-тиркеме):

- өз каалоосу менен (конкреттүү себептерин көрсөтпөстөн); - башка ЖОЖго которулгандыгына байланыштуу;
- оорусуна байланыштуу (медициналык мекеменин маалымкатынын негизинде);

үй-бүлөлүк шартка байланыштуу.

**23.** Администрациянын демилгеси менен окуудан чыгаруу тиешелүү окуу бөлүмчөсүнүн жетекчисинин билдирүүсү боюнча ректордун буйругу менен жүзөгө ашырылат (5-тиркеме);

- академиялык карыздары үчүн;
- окуу дисциплинасын бузгандыгы үчүн (окуу процессинин графигин аткарбагандыгы, ЖАМУ менен байланышты үзгөндүгү, мөөнөтү аяктагандан кийин академиялык өргүүдөн кайтпагандыгы үчүн); ички тартип, жатаканада жашоо эрежелерин бузгандыгы үчүн;
- мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынан өтпөгөндүгүнө байланыштуу; мыйзамга туура келбеген аракеттерди кылгандыгы үчүн сот өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин студент эркинен ажыратылса же окууну улантууга мүмкүн болбогон башка жазага тартылганда;
- окутууга болгон чыгашаларды төлөй албай калган учурда окуу акысынан карызы бар студенттер, магистранттар окуу жылынын аягында академиялык карыздары болбосо, окуган курсуна карабастан курстан-курска көчүрүлүп, “окуу акысынан карызын төлөсө кайра тикеленүү укугу менен” деп окуудан чыгарылат.

Администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгарууда студентке, магистрантка окуудан чыгаруунун себептери жана мөөнөттөрү жөнүндө милдеттүү түрдө жазуу жүзүндө билдирилет.

**24.** Студентти, магистрантты окуудан чыгарууда ага билими тууралуу документинин түп нускасы жана анын суроосу боюнча белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымат берилет.

## 5. Студенттердин, магистранттардын катарына калыбына келтирүү

**25.** Калыбына келтирүү семестрдин аякталышы менен тиешелүү курста студентти кызыктырган адистик/багыт боюнча орун болсо, студенттин, магистранттын жеке арызы менен (6-тиркеме) жана академиялык маалыматты

көрсөтүү менен жүзөгө ашат. ЖАМУда мурда окуудан чыгарылган студентти, магистрантты кайрадан калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү студенттин, магистранттын окуукарточкасынын / транскриптинин негизинде каралат.

**26.** Аттестация аттестациялык комиссия тарабынан академиялыкмаалымкатты карап чыгуу жолу менен жүргүзүлөт.

Курсту аныктоодо окуу пландарындагы айырма, 7 дисциплинадан ашпоого тийиш. Бул үчүн кабыл алуучу - ЖАМУ студенттин жекече окуу планын иштеп чыгып, бекитет, анда окутула турган дисциплиналардын (же алардын бөлүмдөрүнүн) тизмеси, алардын көлөмү жана сынак/өтүм тапшыруунун белгиленген мөөнөтү каралышы керек. Академиялык айырма ошол академиялык жыл ичинде жоюлушу зарыл.

**27.** Окутуунун кредиттик технологиясын колдонууда академиялык айырма алынган кредиттерге ылайык транскрипт/баалоо баракчасынын негизинде окутулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен белгиленет. Академиялык айырма кредиттери (өтүм бирдиктери) менен аныкталып, студенттин жекече окуу планына кошумча киргизилет.

Аттестациянын жыйынтыгы менен аттестациялык комиссия жыйындын протоколун даярдайт (2-тиркеме).

Калыбына келтирүү жөнүндө маселе оң жагына чечилсе калыбына келтирүүгө байланыштуу окууга кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат.

**28.** Эгер окуудан чыгарылганга чейин студент, магистрант ЖАМУда эки семестрден аз окуган болсо. (1 курсту бүтпөгөн болсо), анда ал окуунун улантуу үчүн калыбына келтирүү укугуна ээ болбойт.

**29.** Тиешелүү окуу бөлүмчөсү тарабынан студенттин жаңы өздүк делосу жасалып, ага калыбына келтирүү жөнүндөгү арызы, академиялык маалыматы, билими тууралуу документ, калыбына келтирүү тартибинде окууга кабыл алуу жөнүндөгү буйрукгун көчүрмөсү, жекече окуу планы киргизилет. Студентке сгуденттик билет жана зарыл болсо, сынак китепчеси тапшырылат.

**30.** Мамлекеттик аккредитацияга ээ эмес ЖОЖдон чыгарылган студент, магистрант ушул жобого ылайык башка ЖОЖго калыбына келтирилиши мүмкүн.

***31.*** Ушул Жобонун 23 пунктуна ылайык окуу акысынан карызы үчүн окуудан чыгарылган студенттер, магистранттар окуу акысынан карыздарын жоюп тикеленүү шарттарын аткарса, ошол окуу жылы ичинде өз тайпасына кайра тикелене алышат. Кайра тикеленген студенттер окуудан чыгарылган мезгилдеги калтырган сабактарын кайрадан атайын график менен милдеттүү түрдө окушат *(Окумуштуулар кеңешинин 06.11.2020-ж. протокол №2 чечимими менен толукталган).*

1-тиркеме

ЖАМУнунректору

______________________________

______________________________

Арыз

Которуу тартибинде ____________________дан "__"-курсунун окутуунун__________________________________________ формасынын
(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки)
___________________"адистигинен/багытынан ________________
курскаокутуунун
_______________________________________________________ (көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки)
формасы боюнча

"____________________" адистигине/багытына кабыл алууну Сизден суранам.

Датасы "_____" ____________ 20__-ж. Колу________________

2-тиркеме

Жыйындын протоколунан көчүрмө

(ЖАМУнун факультетинин/бөлүмүнүн аталышы) ___________________

___________________________________________________________________

аттестациянынnегизинде ________________________________________

(аты-жөнү)

___________________________________________________________________

(адистиктин/багыттын аталышы)

адистиктин/багыттын ________-курсуна

Кайсы тайпадан: ________________ кайсы тайпага ______________ которулушу мүмкүн (которулбайт) жана төмөндөгү дисциплиналар боюнча кайрадан сынак/өтүм алынышы мүмкүн/айырма катары эсептелбейт (КРнын Өкмөтүнүн 2024 - жылдын 27-сентябр № 590 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосуна ылайык)

| № | Дисциплинанын аталышы | Саатгардын/өтүм бирдигинин көлөмү | Семестри | Текшерүү формасы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |
| 6 | | | | | |
| 7 | | | | | |
| | | | | | |

Академиялык айырма ____________________________ дисциплина түзөт.

(саны көрсөтүлөт)

| № | Дисциплинанын аталышы | Саатгардын/өтүм бирдигинин көлөмү | семестри | Текшерүү формасы | Жоюу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |
| 6 | | | | | |
| 7 | | | | | |
| | | | | | |

Жетекчинин колу "______" ___________________ 20_-ж.

3-тиркеме

Каттоо номери ___________________________

Берүү датасы "______" 20____ ж.

МААЛЫМКАТ

Берилди____________________________________________________

(аты-жөнү толугу менен)

Ал жеке арызынын жана _______________________________________

(ЖОЖдун аталышы)

тарабынан берилген (_________________________________________

(сынак китепчесин берүү датасы жана каттоо номери)

_____________________________________________________________)

сынак китепчесинин көчүрмөсүнүн негизинде аттестацияга киргизилип, аны ийгиликтүү тапшырды.

Бул адам ____________________________________________________

(жогорку кесиптик билим берүү багыттардын жана

_____________________________________________________________

(адистиктердин колдонуудагы классификаторуна ылайык аталышы) даярдоо (адистик) багыты боюнча негизги билим берүү программасы боюнча билим алууну улантуу үчүн билими тууралуу документин жана академиялык маалыматын көрсөткөндөн кийин которуу жолу менен кабыл алынат.

Ректор ______________________

(колу)

4-тиркеме

ЖАМУнун ректору

______________________________

______________________________

(аты-жөнү)

______________________________

(тайпасы, курсу)

__________________________ дан

(аты-жөнү толук жазылат)

Арыз

Мени ______________________________________-курсунун окутуунун ____________________________________________ адистигинен/багытынан(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки) Формасынын"______________________________________________"

_________________________________________________________________

(адистиктин/багыттын аталышы) (себебин көрсөтүү)

байланыштуу окуудан чыгарууну Сизден суранам.

Датасы ___________ Колу _____________

5-тиркеме

ЖАМУнун ректору

______________________________

______________________________

(аты-жөнү)

Билдирүү

________________________________________________-курсунун

окутуунун ____________________________________

формасынын(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки)

______________________________ адистиги/багытынын студенти

(адистиги/багытынын аталышы)

_________________________________ _________________________

(аты-жөнү) (себебин көрсөтүү)

байланыштуу окууданчыгарууну Сизден суранам.

Тиешелүү окуу бөлүмүнүн жетекчисинин колу _________________________

"________" ______________ 20___ -ж.

6-тиркеме
ЖАМУнун ректору

___________________________________

___________________________________
(аты-жөнү)

Арыз

Окутуунун _______________________________________________________________
(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки)
формасынын"________________________________________________________"
(адистиктин/багыттын аталышы)
адистигине/багытына калыбына келтирүүгө уруксат берүүнү Сизден суранам._______-курсунунокутуунун ______________________________
(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан,кечки)
формасынын ____________________________________________________"
(адистиктин/багыттын аталышы)
адистигинен/багытынан______________________________________________
(чыгаруунун себеби көрсөтүлөт)
байланыштуу окуудан чыгарылганмын.

Датасы: "_____" __________ 20__-ж. Колу ________________